Республикалык “Манас таануу” интеллектуалдык телетаймашынын

ЖОБОСУ

1. Жалпы маселелер

Кыргыз Республикасынын “Манас” эпосу жөнүндөгү 2011-жылдын 28-июнундагы №59 Мыйзамынын негизинде эпосту жайылтуу, өркүндөтүүнү натыйжалуу камсыз кылуу максатында Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы менен Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия, “Саякбай манасчы” эл аралык коомдук фонду менен бирге башталгыч, орто, жогорку окуу жайларынын студенттеринин, мектепке чейинки билим берүү уюмунун тарбиялануучуларынын арасында республикалык “Манас таануу” телетаймашын өткөрөт.

2. Телетаймаштын максаты:

- Кыргыз элинин эң негизги руханий мурасы жана тарыхый байлыгы болгон Манас үчилтигин окуучулар, жаштар жана жалпы эле көрүүчүлөр арасында жайылтуу;

- Кыргыз элинин тарыхын, маданиятын жана тилин сактоо, өнүктүрүү, рухий дөөлөттөрдү даңазалоо;

- Өсүп келе жаткан жаш муунду “Манас” эпосунун философиясынын негизинде жарандык атуулдукка, достукка, биримдикке, улут аралык ынтымакка тарбиялоо;

- Студенттерге жалпы эле жаштарга тарыхты үйрөтүү жана мекенчилдик сезимдерин жогорулатуу;

- Аймактарда “Манас” эпосун тереңдеп окуп үйрөнүү боюнча жаштардын, мугалимдердин изденүүсүнө, билимине, тапкычтыгына баа берүү.

3. Телетаймаштын шарты жана тартиби

3.1. Башталгыч, орто, жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн

- Башталгыч кесиптик, орто жана жогорку кесиптик билим берүүчү окуу жайларынын студенттеринин арасындагы сынактар Сагынбай Орозбаковдун варианты боюнча өтөт;

- Топту бир окутуучу жетектейт;

- Топ 3 студенттен куралат.

3.2. Мектепке чейинки билим берүү уюму үчүн

- Катышуучу балдардын саны 12-15;
- Топту бир тарбиячы жетектейт;
- Бала бакчалар арасындагы сынак театрлаштыруу жолу аркылуу жана суроо берүү менен биргеликте жүргүзүлөт.

4. Өткөрүү тартиби

4.1. Башталгыч, орто, жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн

• Тандоо туру – (14-ноябрь)

• Финалдык баскыч – (22-ноябрь)

4.2. Мектепке чейинки билим берүү уюму үчүн

• Тандоо туру – (5-ноябрь)

• Финалдык баскыч – (20-ноябрь)

5. Телетаймаштын жүрүшү (Башталгыч, орто, жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн)

-“Саламдашуу” (топко улуу баяндан алып ат коюшат 1,5минут)

-“Манас” бөлүмү(Сагынбай Орозбаковдун вариантынан 4төн суроо берилет)

-“Сыр куржун” (Көөнөргөн сөздөрдү чечмелеп берүү 1 сөз, 1 макал)

-“Күтүлбөгөн  суроо” (ар бир студентке 1 ден суроо)

-“Үй тапшырма” (кесибине жараша Манастан мисалы алып, видео тартуу 3-5минут)

6. Телетаймаштын жүрүшү(бала бакча)

-“Саламдашуу” (Манастан алып ат коюшат 1,5 минут)

-“Сценка” (10-12 минуттук Манастан мисал кылып сахналаштырып окуяны чагылдырат)

-“Манас” айтуу (2-3 минут ичинде хор менен айтуу керек)

7. Калыстар тобун түзүү жана алардын иштөө тартиби

- Калыстар тобунун курамын “Манас таануу” интеллектуалдык телетаймашынын уюштуруу тобу аныктайт;

- Баалоо суроолор үчүн 5 баллдык система менен ал эми театрлаштырылган сценка, видео-роликтер үчүн 10 баллдык система менен жүргүзүлөт. Калыстар өз милдеттерин так аткарып, ачык добуш беришет.

8. Телетаймаштын жеңүүчүлөрүн сыйлоо

Таймаштын жеңүүчүлөрү Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан баалуу белектер, грамоталар, жана кызыктыруучу сыйлыктар, китептер менен сыйланат.


Өнөктөш: Республикалык баскычта Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиясы тарабынан катышуучуларга, жеңүүчүлөргө китептер ошондой эле мугалимдерге, уюштуруучуларга төш белги, ардак грамоталар берилет.

Байланыш номерлер: 0555 196 677, 0709 210 733

КЫРГЫЗ УЛУТТУК «МАНАС» ТЕАТРЫ

Көйкашка коомдук фонду

Баластан



# ДИПЛОМ

**НАЙМАНБАЙ БАЛЫК УУЛУ 170**
**ЧОЮКЕ ӨМҮР УУЛУ 160**
**ШАПАК РЫСМЕНДЕЕВ 160**
**МОЛДОБАСАН МУСУЛМАНКУЛ УУЛУ 140**

**АЛП МАНАСЧЫЛАРДЫН МААРАКЕСИНЕ КАРАТА ЖАНА БЕЛГИЛҮҮ МАНАСЧЫ САЛИМБАЙ ТУРСУНБАЕВДИН ЖАРКЫН ЭЛЕСИНЕ АРНАЛЫП ӨТКӨРҮЛГӨН РАЙОНДУК, ШААРДЫК "МАНАС" АЙТУУ КАРОО-СЫНАГЫ**

№14 мектеби Кадырбекова Амина III орунду алганы үчүн

сыйланат

*Кыргыз улуттук "Манас" театрынын директору:* А.Биймырза уулу
*Баластан каналынын продюсери:* К.Аманова
*"Көйкашка" коомдук фондунун төрагасы:* Муса уулу Т

Бишкек-2023

КЫРГЫЗ УЛУТТУК
«МАНАС» ТЕАТРЫ

# ДИПЛОМ



**НАЙМАНБАЙ БАЛЫК УУЛУ 170**
**ЧОЮКЕ ӨМҮР УУЛУ 160**
**ШАПАК РЫСМЕНДЕЕВ 160**
**МОЛДОБАСАН МУСУЛМАНКУЛ УУЛУ 140**

**АЛП МАНАСЧЫЛАРДЫН МААРАКЕСИНЕ КАРАТА ЖАНА БЕЛГИЛҮҮ МАНАСЧЫ САЛИМБАЙ ТУРСУНБАЕВДИН ЖАРКЫН ЭЛЕСИНЕ АРНАЛЫП ӨТКӨРҮЛГӨН РАЙОНДУК, ШААРДЫК "МАНАС ТААНУУ" ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК ТЕЛЕТАЙМАШЫ**

№ 14 мектебинин "Айкол Манас" тобу

сыйланат

*Кыргыз улуттук "Манас" театрынын директору:* *А.Биймырза уулу*
*Баластан каналынын продюсери:* *К.Аманова*
*"Көйкашка" коомдук фондунун төрагасы:* *Муса уулу Т*